998296

**20.08.2025-жылдагы жыйынынын №2 протоколунан көчүрмө**

# ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ЖУМУШЧУ ТОПТУН ЖЫЙЫНЫНЫН ЧЕЧИМИ:

Бишкек шаары 20.08.2025-жыл

1. Башкы прокуратуранын коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу башкармалыгы тарабынан Кыргыз Республикасында 2025-2030 – жылдары коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча стратегияны ишке ашыруу боюнча иш планынын 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгына карата жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары эске алынсын.

2. Коррупцияга каршы аракеттенүү мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын мамлекеттик органдар тарабынан натыйжалуу аткарылышын камсыз кылуу максатында ведомстволор аралык жумушчу топтун катышуучуларынан төмөнкүлөр талап кылынсын:

1) Бекитилген иш-чараларды өз мөөнөтүндө жана сапаттуу аткаруу үчүн түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин жана кызмат адамдарынын жеке жоопкерчилигин камсыз кылуу, ички контролду күчөтүү, ай сайын мониторинг жүргүзүп, жыйынтыктар жетекчиликтин деңгээлинде үзгүлтүксүз каралсын;

2) Артта калууларды жоюу жана белгиленген мөөнөттөрдө пландалган натыйжаларга жетишүү үчүн уюштуруучулук жана башкаруучулук чаралары көрүлсүн;

3) Демилгелүүлүктү жана натыйжалуулукту стимулдаштыруу менен формалдуу мамилеге жана мөөнөттөрдү бузууга жол берген кызматкерлердин тартиптик жоопкерчиликтери каралсын;

4) Отчеттуулуктун белгиленген форматын так сакталышын, анда конкреттүү иш-аракеттер жана жетишилген натыйжалар милдеттүү түрдө чагылдырылышын камсыз кылышсын;

5) Ведомстволор аралык координацияны чыңдоо, негизги жана тең аткаруучулардын ортосунда үзгүлтүксүз кеңешмелерди өткөрүү, зарыл учурда стратегиянын негизги багыттары боюнча убактылуу жумушчу топторду түзүшсүн;

6) Коррупциянын алдын алуу тармагында кадрдык туруктуулукту камсыз кылуу, квалификациялуу адистерди бекитүү, негизсиз ротацияга жол бербөө, кызматкерлерди системдүү түрдө окутуп, квалификациясын жогорулатуусу;

7) Стратегияны ишке ашыруунун ачыктыгын камсыз кылуу үчүн ведомстволук пландарды жана алардын аткарылышы боюнча отчетторду

ADD SCAN TO ANY WEBSITE asprise.com/Scanner.js FOR EVALUATION USE ONLY

тастыктоочу документтери менен кошо мыйзамдарга ылайык мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий сайттарында үзгүлтүксүз жарыялашсын.

8) жумушчу топтун мүчөлөрүнүн жыйындардагы ишин активдештирүү максатында негизги көйгөйлөрдү жана мамлекеттик коррупцияга каршы стратегияны ишке ашырууга жолтоо болгон факторлорду мониторингдин жыйынтыктары боюнча конструктивдүү талкуулоо аркылуу, аларды жоюу боюнча негиздүү сунуштарды иштеп чыгуу.

3. 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча коррупцияга каршы мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун абалы тууралуу аналитикалык маалымкат даярдалып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жиберилсин.

Ведомстволор аралык
жумушчу топтун төрагасы –
Башкы прокурордун
биринчи орун басары **Б.Т. Маатов**

ADD SCAN TO ANY WEBSITE asprise.com/Scanner.js FOR EVALUATION USE ONLY